Simbank | DOSCREDOBANK

**БЕКИТИЛДИ**
**“Дос-Кредобанк” ААК**
**Башкармалыгынын**
**(11.03.2026 ж. № 16 протоколу)**

# Жеке жактарга банктык кызматтарды көрсөтүү жөнүндө айкын оферта келишими

Ушул Жеке жактарга банктык кызматтарды көрсөтүү жөнүндө айкын оферта келишими (мындан ары - Келишим) 2017-жылдын 22-июнунда Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан берилген №037 лицензиянын негизинде, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын жана Уставдын негизинде “Дос-Кредобанк” ААКнын (мындан ары – Банк) жеке жактарга сунушталуучу банктык кызматтар бөлүгүндө Банк менен мамилелерди жөнгө салат.

Ушул Айкын оферта келишими Банк менен Кардардын (чогуу “Тараптар”) мамилелерин жөнгө салат, Кардар мобилдик тиркемеде Келишимдин бардык жоболорун шартсыз кабыл алууну (акцепт) билдирген аракеттерди жасаган учурдан тартып күчүнө кирет. Банк ушул Келишимге бир тараптуу тартипте толуктоолорду жана өзгөртүүлөрдү киргизүүгө укуктуу.

## Негизги терминдер

**Акцепт** – Кардардын Келишимди толук жана шартсыз кабыл алгандыгы жөнүндө билдирүүсү;
**Санариптик кол тамга** – бул санариптик формадагы маалымат, ал башка санариптик маалыматка кошулат жана (же) аны менен логикалык байланышта болот жана санариптик документтин өзгөртүлбөгөндүгүн камсыз кылуу жана анын авторун аныктоо үчүн колдонулат. Бул кол коюучу адамга жабык ачкыч аркылуу байланышкан, санариптик кол тамганы коюуга мүмкүндүк берген уникалдуу маалыматты билдирет.
Кардар тарабынан санариптик кол тамганы колдонуу (OTP аркылуу же жеке кабинетте макулдук берүү аркылуу, же «Simbank» мобилдик тиркемесинде электрондук документтерге санариптик кол тамга менен кол коюуга алып келген аракетти жасоо, ПИН-кодду колдонуу) Кардардын кол тамгасы менен тастыкталган юридикалык аракеттерге жана алардын укуктук кесепеттерине барабар болуп саналат.
Санариптик кол тамга колдонулуп кол коюлган бардык электрондук документтер Кардар тарабынан жазуу жүзүндө кол коюлган кагаз документтерге тең укуктуу болуп эсептелет.
Бул Келишимде санариптик кол тамга катары Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына, атап айтканда Кыргыз Республикасынын Санарип кодексинин жоболоруна ылайык квалификацияланбаган санариптик кол тамга каралат.
Санариптик кол тамга – бул кол менен коюлган кол тамганын аналогу болуп саналат.
**Авторизация** – банктык төлөм картасын пайдалануу менен операцияларды аткаруу үчүн картаны чыгарган Банктан уруксат алуу же карталарды иштеп чыгуу процессинг борборунан уруксат алуу.
**Аутентификация** – бул авторизациялык маалыматтардын негизинде берилген идентификатордун (ПИН-код, телефон номери ж.б.) аныктыгын текшерүү аркылуу Кардардын аныктыгын белгилөө.
**Банктык төлөм картасы (төлөм картасы)** - товарларды, кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууда эсептешүүлөрдү жүргүзүүдө, улуттук жана чет өлкө валюталарында накталай акча алууда, терминалдар, банкоматтар же башка жабдуулар (аралыкта орнотулган жабдуулар) аркылуу акча которууларды жүргүзүүдө колдонула турган төлөм инструменти.

**Кардар / Колдонуучу** – ушул Келишимдин шарттарына ылайык Simbank мобилдик тиркемеси аркылуу банктык жана төлөм кызматтарын пайдаланган жеке адам;
**Банктын сайты:** www.dcb.kg
**“Simbank” мобилдик банктык сервисинин сайты:** www.simbank.kg
**Акчага айландыруу** –банкомат, POS-терминал аркылуу же мыйзамдарда каралган жана Банк тарабынан колдонулган башка ыкмалар менен накталай акча каражаттарын алуу (сарптоо) операциясы;
**Накталай эмес эсептешүү** – накталай акчаны колдонуусуз, карта менен POS-терминал, банкомат, мобилдик тиркеме же Интернет аркылуу товардын же кызматтын наркын төлөө;
**Банктык эсеп** – бул банктык аманатты (депозитти) кабыл алуу жана/же банк тарабынан кардарды банктык тейлөөнү жүзөгө ашырууга байланыштуу операцияларды ишке ашыруу боюнча, анын ичинде банктык эсеп, банктык аманат келишиминде, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында жана банктык тажрыйбада колдонулган ишкердик жүгүртүү адаттарында каралган банктык төлөм карталарын пайдалануу менен төлөмдөрдү жана эсептешүүлөрдү жүргүзүү боюнча банк менен кардардын ортосундагы келишимдик мамилелерди чагылдыруу ыкмасы;
**Аманатчы** – бул Банк менен мөөнөттүү банктык аманат (депозит) келишимин түзгөн жана пайыздар түрүндө киреше алуу максатында ага акча каражаттарын берген жеке адам;
**Банктык аманат (депозит)** – кардар (аманатчы) тарабынан Банкта сактоо жана киреше алуу максатында, же талап кылууга чейинки, же түзүлгөн келишимде аныкталган жагдайдын (окуянын) болушуна (болбой калышына) чейинки мөөнөткө жайгаштырылган улуттук валютадагы акча каражаттары;
**Комиссиялык сый акы** – Банктын тарифтерине жана/же ушул Келишимдин жоболоруна ылайык аныкталуучу, Банк тарабынан көрсөтүлгөн кызматтар үчүн Кардар төлөөгө тийиш болгон сый акы;
**Тарифтер** – төлөм кызмат көрсөтүүлөрү үчүн белгиленген акы (сый акы), анын ичинде карта боюнча которуу операциялары үчүн аныкталган комиссиялар, накталай акчага айландыруу операциялары үчүн комиссиялар, ошондой эле Simbank сайтындагы “Тарифтер” бөлүмүндө же мобилдик тиркемеде көрсөтүлгөн башка комиссиялар. Тарифтер ушул Келишимдин ажырагыс бөлүгү болуп эсептелет. Банк маалыматты Simbank сайтына же мобилдик тиркемеге жайгаштыруу менен колдонуудагы тарифтерди бир тараптуу тартипте өзгөртүүгө укуктуу.
**Идентификациялык маалымат** – кардардын өздүгүн тастыктоо үчүн зарыл болгон атын, фамилиясын, атасынын атын, туулган күнүн, каттоо дарегин ж.б. кошо алганда идентификациялоочу маалыматтарды чогултуу;
**Банк күнү** – Банктын филиалдарынын иштөө мезгили;
**ЖИН-код** - операция жүргүзүү үчүн колдонуучуну аутентификациялоого мүмкүндүк берген жеке идентификациялык номер.
**“Simbank” мобилдик тиркемеси, Simbank, мобилдик тиркеме** – Интернет тармагына кошулуу аркылуу пайдаланууга мүмкүн болгон жана өзүнө банктык кызматтарды камтышы мүмкүн болгон, атайын программалык камсыздоодо түзүлгөн, “Дос-Кредобанк” ААКдан “Simbank” мобилдик банктык серсиси;
**Мобилдик түзмөк** – IMEI номери бар түзмөк, башкача айтканда кардарга таандык, анын ичинде мобилдик тиркеме орнотулган мобилдик телефон, смартфон, планшет же башка ушуга окшош электрондук түзмөк.
**Аралыктан/обочо туруп тейлөө** – обочо туруп/аралыктан тейлөө системаларын пайдалануу менен обочо туруп/аралыктан тейлөө ыкмасында Кардар тарабынан берилген буйруулардын негизинде Банк тарабынан кызматтарды көрсөтүү ыкмасы.
**Техникалык овердрафт** –Банк менен макулдашуусуз картанын балансындагы каражаттан ашыкча операцияларды жүргүзүүнүн натыйжасында пайда болгон жана ушул Келишимде белгиленген тартипте Кардар тарабынан төлөнүүгө тийиш болгон, Банктын алдындагы Кардардын карызы.

**Төлөм системасы** - акча жүгүртүүнү камсыз кылган технологиялардын, жол-жоболордун, эрежелердин, төлөм инструменттеринин жана акча каражаттарын которуу системаларынын өз ара байланыштуу системасы. Жүргүзүлгөн төлөмдөрдүн түрлөрүнө жараша төлөм системалары ири төлөмдөр системасына жана чекене төлөмдөр системасына бөлүнөт.

**Visa эл аралык төлөм системасы (ЭТС)** – эл аралык жүгүртүүгө ээ болгон карталар аркылуу товарлар жана кызматтар үчүн накталай эмес эсептешүүлөр системасы.

## 1.Банктык эсептер

**1.1.**Келишимдин ушул бөлүгүнө ылайык Банк Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексине, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын ченемдик актыларына жана ушул Келишимдин жоболоруна ылайык, “Simbank” мобилдик тиркемесинин алкагында кардарга көрсөтүлүүчү банктык кызматтар үчүн каралганарналган тиешелүү банктык эсепти(терди) ачууга милдеттенет, түшкөн акча каражаттарын ачылган эсепке кабыл алууга жана салууга милдеттенет, эсептен тиешелүү суммаларды которууга жана берүүгө, эсепке салынган акча каражаттарына пайыздык чен боюнча пайыздарды (эгерде алар сунушталса) чегерүүгө жана эсеп(тер) боюнча башка операцияларды жүргүзүүгө Кардардын тапшырмаларын аткарууга милдеттенет, ал эми анын ордуна Кардар ага көрсөтүлгөн банктык кызматтарга Банктын Тарифтерине ылайык төлөп берүүгө милдеттенет.

**1.2.**Банк депозиттерди коргоо системасынын катышуучусу болуп саналат жана эсептеги акча каражаттары “Банктык аманаттарды (депозиттерди) коргоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык жеке адамдардын аманаттарын (депозиттерин) коргоо объекти болуп саналат. Банк жогоруда көрсөтүлгөн мыйзамга ылайык Кыргыз Республикасынын Депозиттерди коргоо боюнча агенттиги тарабынан Кардарга (аманатчыга) мыйзамда каралган тартипте, өлчөмдөрдө жана шарттарда компенсацияларды төлөп берүүгө кепилдик берет.

**1.3.**Мыйзамдарда жана Банктын ички эрежелеринде каралган документтерди берүүдө, кардардын суроо-талабынын негизинде Банк ушул Келишимде сунушталган кызматтарды көрсөтүү үчүн, ошондой эле Кардарга “Simbank” мобилдик тиркемесинин алкагында кредиттик линияны бөлүүгө байланыштуу кредитти эсепке алуу жана пайдалануу үчүн Кардарга тиешелүү банктык эсептерди ача алат. Кардардын тиешелүү документтерди бербегендиги эсеп ачуудан баш тартуу үчүн негиз болуп саналат.

**1.4.**Кардар өз эсебинин көз карандысыз тескөөчүсү болуп саналат. Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында жана ушул Келишимде каралган учурларда гана Кардардын эсебиндеги акча каражаттарын тескөө укугун чектөөгө жол берилет.

**1.5.**Мыйзамдардын талаптарынан келип чыккан учурларда Банк кардардан анын финансылык булактары жөнүндө маалыматты, ошондой эле кол коюу укугуна ээ болгон адамдарды идентификациялоону талап кыла алат. Эгерде кардар Банкка керектүү маалыматты бербесе, Банк аны менен болгон мамилелерди токтото алат.

**1.6.**Кардардын эсеби боюнча операциялар мыйзамдарда жана ушул Келишимде каралган учурлардан тышкары, буйруунун жана төлөм документтеринин негизинде жүргүзүлөт. Кардар буйруу бергенде, төлөм операциясы Кардар тарабынан авторизацияланды деп эсептелет. Кардардын төлөм системасына жөнөтүлгөн буйруусу төлөм системасынын эрежелеринде аныкталган учурдан тартып кайтарылып алынгыс болуп эсептелет. Ошол учурга чейин төлөм тапшырмасын четке кагууга болот. Мезгилдүү төлөм операцияларын жүргүзүү тапшырмасын берүүдөн баш тартуунун натыйжасында аяктаган транзакция же андан кийинки бардык төлөм операциялары авторизацияланбаган деп эсептелет жана кардардын тандоосуна жараша иштелип чыкпайт.

**1.7.**Банк Кардардын эсеби боюнча операцияларды эсептеги калдыктардын чегинде аныкталган кезектүүлүк тартибинде жүзөгө ашырат.

**1.8.**Кардар үчүн операция күнү төлөм системасынын эрежелерине ылайык аныкталат.

**1.9.**Эсептен көчүрмөлөр жана башка документтер Кардардын өзүнө жана тиешелүү ишеним каттын негизинде анын өкүлүнө гана берилет.

**1.10.** Кардардын күндөлүк эсебинин калдыгына жана “Казына” талап боюнча төлөнүүчү депозитине Банктын тарифтерине жана ушул Келишимдин шарттарына ылайык пайыздар чегерилет. Күндөлүк эсептин калдыгына пайыздар ай сайын чегерилет жана күндөлүк эсептеги калдыкка кошулат.

**1.11.** Кардардын пайдасына алынган акча каражаттары ошол эле күнү Кардардын эсебине чегерилет.

**1.12.** Төлөм тапшырмасын аткаргандан кийин Банк мобилдик тиркеме аркылуу Кардарга операциянын статусу жөнүндө маалымат берет.

**1.13.** Кардар тарабынан санкцияланбаган төлөм операциялары аныкталган учурда ал бул тууралуу дароо Банкка билдирүүгө милдеттүү. Банк кардардан кайрылууну кабыл алат жана билдирмени Төлөм системаларынын эрежелерине жана мөөнөттөрүнө ылайык иштеп чыгат.

**1.14.** Банк Кардарга санкцияланбаган төлөм операциясынын суммасын, ошол төлөм операциясын аткаргандыгы үчүн Кардардан алынуучу бардык тейлөө үчүн комиссиялар менен бирге кайтарып берет.

**1.15.** Банк Кардар тарабынан төлөм тапшырмасында берилген маалыматтын туура эместигинен улам төлөм тапшырмасын аткарбагандыгы же туура эмес аткаргандыгы үчүн жоопкерчилик тартпайт.

**1.16.** Банк эгерде товарга же кызмат көрсөтүүгө Кардар тарабынан төлөнгөн учурда жана/же Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарынын талаптарынын негизинде жеткирип берүүчү тарабынан мындай кайтарып берүү мүмкүн болбосо, Банк Кардарга доомат боюнча сумманы кайтарып берүүдөн баш тартышы мүмкүн.

**1.17.** Келишимди бузууда Банк тиешелүү жазуу жүзүндөгү арызды алган күндөн тартып жети календардык күндөн кеч эмес эсептеги акча каражаттарынын калдыгын Кардарга берет же Кардардын көрсөтмөсү боюнча башка эсепке которот. Эгерде эсептеги акча каражаттарынын калдыгы Кардар тарабынан төлөнбөсө же Банкка каражаттар которулууга тийиш болгон жаңы эсеп жөнүндө билдирилбесе, бул каражаттар кардарлардын тиешелүү категорияларынын жабылган эсептеринин эсептери жүргүзүлгөн эсепке которулат.

**1.18.** Аманаттар/депозиттер боюнча банктык эсеп (мындан ары – Депозит эсеби) Кардарга мобилдик тиркемедеги электрондук суроо-талаптын негизинде кардардын атына гана ачылат.

**1.19.** Депозит эсебин ачуу шарттары мобилдик тиркемеде аманатты ачууда кардар тарабынан тандалат.

## 2. Банктык төлөм картасы

**2.1.** Келишимдин ушул бөлүгүнө ылайык Банк Кардардын банктык төлөм картасын (мындан ары – “карта”) тейлөөгө жана картага байланган карта эсеби аркылуу банктык кызматтарды көрсөтүүгө милдеттенет, ал эми Кардар Банк тарабынан аныкталган тарифтерге ылайык ага көрсөтүлгөн банктык кызматтар үчүн тиешелүү комиссияларды төлөөгө милдеттенет.

**2.2.** Ушул Келишимге ылайык Кардарга берилген карта кредиттик дагы, дебеттик дагы карта катары колдонулушу мүмкүн.

**2.3.** Карта Банктын менчиги болуп саналат жана Кардарга убактылуу пайдаланууга берилет.

**2.4.** Картаны пайдалануу менен эсеп боюнча операцияларды жүргүзүү тартиби Кыргыз Республикасынын мыйзамдары, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын ченемдик актылары, ошондой эле Банктын ички ченемдик документтери менен аныкталат.

**2.5.** Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын ченемдик актыларына жана Банктын ички ченемдик документтерине ылайык берилген документтердин негизинде Банк Кардарга эсеп ачат жана бул эсепти пайдалануу үчүн Кардарга карта берет.

**2.6.** Кардар картага ПИН-кодду мобилдик тиркеме аркылуу өз алдынча орнотот, ПИН-код Кардардын өз колу менен коюлган кол тамгасынын аналогу болуп эсептелет. Кардарга банктык төлөм картасын, ошондой эле логиндерди, паролдорду жана SMS аркылуу алынган бир жолку ырастоо коддорун (3-D Secure / OTP) үчүнчү жактарга сатууга же берүүгө тыюу салынат. Кардар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык картаны жана

көрсөтүлгөн маалыматтарды үчүнчү жактарга бергендиги же саткандыгы үчүн, ошондой эле үчүнчү жактардын көрсөтмөсү же кызыкчылыгы боюнча карта колдонулуп жасалган финансылык операциялар үчүн жоопкерчилик тартат. Кардар карта, ПИН-код жана ырастоо коддорун колдонууда коопсуздук чараларын сактоого милдеттүү.

**2.7.** Кардар мобилдик тиркеме аркылуу буйрутманы тариздөө менен Банктын тейлөө кеңселеринде кол коюу же чабарман менен жеткирүү аркылуу Банк тарабынан берилген карта бар жабык конвертти жеке өзү кабыл алат.

**2.8.** Кардар картаны пайдалануу менен жүргүзүлгөн бардык операциялар үчүн жоопкерчилик тартат.

**2.9.** Кардар картанын жоготуунун, уурдатуунун, жасалмалоонун жана үчүнчү жактардын мыйзамсыз пайдалануусунун алдын алуу үчүн бардык мүмкүн болгон чараларды көрүүгө милдеттүү. Карта жоголгон же уурдалган учурда, ал кардардын эркине каршы башка ыкмалар менен ээликтен алынып коюлган, башка адамдар тарабынан анын буйруусу жок башка ыкмалар менен пайдаланылган учурда, карта токтоосуз түрдө блокко салынышы керек. Бул үчүн Банктын Кардарларды тейлөө бөлүмүнө (*7700 номери боюнча же “Simbank” мобилдик тиркемесинин “24/7 колдоо” бөлүмүндө көрсөтүлгөн тиешелүү мессенджерлерде) кайрылуу зарыл. Картаны блоктоонун башка ыкмалары жана жолдору (мобилдик тиркеме, Банктын байланыш-борборуна кайрылуу ж.б.) жөнүндө тиешелүү түшүндүрмө маалыматты сайттан алууга болот. Банк кардардын маалыматты өз убагында бербегендиги, ошондой эле жогоруда көрсөтүлгөн учурларда картаны пайдалануу менен жүргүзүлгөн операциялар үчүн жоопкерчилик тартпайт.

**2.10.** Эгерде картаны пайдалануу менен операцияларды жүргүзүүдө жаралган кандайдыр бир көйгөй Банктын тескөөсүндө болбогон маалымат системаларынын (башка жактар тарабынан башкарылуучу) иши менен байланыштуу болсо, Банк көрсөтүлгөн көйгөйлөр үчүн Кардардын алдында жоопкерчилик тартпайт. Талаш-тартыш жагдайлар келип чыккан учурда, эгерде Кардар картаны пайдалануу менен операцияларды жүргүзүүдө келип чыккан көйгөй Банктын тескөөсүндө болбогон маалымат системаларынын (башка жактар тарабынан башкарылуучу) иши менен байланыштуу эместигин далилдей албаса, Банк көрсөтүлгөн көйгөй үчүн жоопкерчиликти өзүнөн алып салат.

**2.11.** Картаны пайдалануу менен жүргүзүлгөн операциялар боюнча эсептешүүлөр тиешелүү төлөм системаларынын эрежелерине жана ушул Келишимге ылайык жүзөгө ашырылат.

**2.12.** Эгерде эсепке акча каражаттарын чегерүү валютасы эсептеги сумманын валютасынан айырмаланса, акча каражаттары төлөм системасынын курсу боюнча эсептин валютасында чегерилет (1-тиркемедеги валюталарды конвертациялоо схемасы).

**2.13.** Кардардын мобилдик тиркемедеги арызына негизделген ушул Келишим Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган учурлардан тышкары, Банкта эсеп ачуу үчүн негиз болуп саналат.

**2.14.** Кардар мобилдик тиркемеде картаны пайдалануу менен жүргүзүлгөн бардык операциялар жөнүндө маалыматты, карта эсебинин балансы жөнүндө маалыматты, ошондой эле Банктын тарифтерине ылайык эсеп боюнча көчүрмөнү алуу ыкмалары жана каражаттары жөнүндө маалыматты ала алат.

**2.15.** Банк төмөнкүлөр үчүн жоопкерчилик тартпайт: - үчүнчү жактардын картаны тейлөөдөн баш тартуусу; - төлөм системасы менен картаны тейлөө пунктунун ортосунда байланыштын жоктугу, анын натыйжасында операцияны жүргүзүүгө суроо-талап Банкка түшпөйт.

**2.16.** Банк Интернет тармагында Кардардын банктык картасынын реквизиттерин пайдалануу менен жүргүзүлгөн операциялар боюнча акча каражаттарын эсептен алуу үчүн, анын ичинде картанын маалыматтарын үчүнчү жактар пайдаланган учурлар үчүн жоопкерчилик тартпайт. Картанын реквизиттерин санкцияланбаган пайдалануу, анын ичинде аларды жоготуу, компрометациялоо же үчүнчү жактарга берүү тобокелдиги толугу менен Кардарга жүктөлөт. Кардар картанын реквизиттеринин жана Интернет тармагында операцияларды жүргүзүү үчүн зарыл болгон башка маалыматтардын сакталышын жана купуялуулугун өз алдынча камсыздоого милдеттенет.

**2.17.** VISA карталары байланышсыз пайдалануу режими менен чыгарылат, ал кардардын каалоосу боюнча өчүрүлбөйт.

**2.18.** Кардар банктык картаны үчүнчү жактардын байланышсыз төлөө сервистеринде пайдаланууга укуктуу (анын ичинде, бирок чектелбестен: Google Pay, Garmin Pay ж.б.). Банк көрсөтүлгөн сервистердин ишинин тууралыгы, анда Кардардын маалыматтарынын сакталышы үчүн, мындай сервистерде картаны пайдалануу менен жүргүзүлгөн операциялар үчүн жоопкерчилик тартпайт. Байланышсыз төлөө сервистерин колдонуу менен жүргүзүлгөн бардык операциялар Кардардын өзү тарабынан жүргүзүлдү деп эсептелет жана мындай сервистерде картаны санкцияланбаган пайдалануу тобокелдиги толугу менен Кардарга жүктөлөт.

## 3. Тараптардын эсеп жана банктык төлөм картасы боюнча укуктары жана милдеттери

**3.1. Банк төмөнкүлөргө милдеттүү:**

**3.1.1.** Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын ченемдик актыларына жана Банктын ички ченемдик документтерине ылайык берилген документтердин негизинде улуттук валютада эсеп ачууга;

**3.1.2.** Кардардын эсебине байланыштуу бардык суроо-талаптарга жана каттарга мыйзамдарда белгиленген мөөнөттө, анын ичинде чат-боттун жардамы менен жооп берүүгө;

**3.1.3.** Эгерде бул Банктын тарифтеринде каралса, түшкөн акча каражаттарын кардардын эсебине конвертациялоого жана кардардын эсептеринен комиссиялык төлөмдөрдү акцептсиз тартипте алууга;

**3.1.4.** “Террористтик ишти каржылоого жана кылмыштуу кирешелерди легалидаштырууга (адалдоого) каршы аракеттенүү жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын талаптарына ылайык, Банк бир тараптуу тартипте эсеп боюнча операцияларды токтотуп турат, банктык эсептердеги каражаттарга бөгөт коёт, банктык эсептерди жабат (жокко чыгарат).

**3.2. Банк укуктуу:**

**3.2.1.** Кардардын Банктын алдындагы карызынын жана башка милдеттенмелеринин суммасына, анын ичинде талаптарды канааттандыруу тартибинде үчүнчү жактарга берилген карыздык милдеттенмелер боюнча төлөнүүгө тийиш болгон суммага жараша, ошондой эле колдонуудагы Тарифтерге жараша кардарга көрсөтүлгөн ар бир кызмат үчүн тиешелүү комиссиялык сый акыларды (негизги карыздын, пайыздардын, мөөнөтүн кечиктиргени үчүн туумдардын, тейлөө үчүн акынын, комиссиялык сый акылардын, негизсиз баюунун ж.б. натыйжасында келип чыккан милдеттенмелер боюнча төлөнүүгө тийиш болгон акча суммасы) кардардын эсептеринен кредиттик жол-жоболор үчүн Банк тарабынан бекитилген комиссиялык сый акыларды акцептсиз тартипте (Кардардын тапшырмасы жок) эсептен алууга;

**3.2.2.** Картаны мыйзамсыз максаттарда пайдаланган, лимиттерден ашып кеткен, эсеп боюнча карыздар пайда болгон учурда же КР мыйзамдарына ылайык Кардар тарабынан шарттар сакталбаган башка учурларда картаны жана эсеп боюнча операцияларды колдонууну токтотуп турууга жана төлөм картасын/эсепти тейлөөнү токтотууга;

**3.2.3.** Бардык байланыш каражаттары аркылуу кардар менен болгон сүйлөшүүлөрдү жана сүрөттөрдү жаздырып алууга, аларды техникалык түзүлүштөрдүн эс-тутумунда сактоого;

**3.2.4.** Мыйзамсыз операциялардан, анын ичинде аларды акчаны адалдоо жана терроризмди каржылоо максаттарында пайдалануу аракеттеринен коргоо максатында эсеп ачуу үчүн зарыл болгон документтерден тышкары, мыйзамга каршы келбеген башка документтерди берүүнү талап кылууга. Эгерде Кардар банктык эсепти ачуу, кардарды идентификациялоо жана верификациялоо, эсеп боюнча операцияларды жүргүзүү боюнча талаптарды аткаруу үчүн зарыл болгон тиешелүү документтерди бербесе, же

анык эмес документтер берилсе, Банк Кардарга банктык эсепти ачуудан же банктык эсеп боюнча операция жүргүзүүдөн баш тартууга укуктуу;

**3.2.5.** Ушул Келишимди бир тараптуу тартипте бузууга жана/же төмөнкү жагдайларда (анын ичинде, башкалардан тышкары) Кардардын эсептерин жабууга:

**3.2.5.1.** Эсепти мыйзамсыз максаттарда пайдалануу;

**3.2.5.2.** Эсепти ишкердик иши үчүн пайдалануу;

**3.2.5.3.** Эгерде эсеп Кардар тарабынан 12 (он эки) ай ичинде жүргүзүлбөсө, Банк тарабынан алдын ала кабарлоо менен;

**3.2.5.4.** Кардарды идентификациялоо жана верификациялоо боюнча талаптар аткарылышы мүмкүн болбогон учурларда, мурда берилген Кардар жөнүндө идентификациялык маалыматтын туура эместигинен күмөн санаган учурларда жана/же Кардар тарабынан эсеп боюнча жүргүзүлгөн операциялардын мүнөзү жана максаты жөнүндө маалымат алуу мүмкүн болбогон учурларда;

**3.2.5.5.** Кардар тарабынан Банкка берилген документтерде жана/же маалыматтарда анык эмес, бурмаланган же карама-каршы маалыматтар аныкталган учурда;

**3.2.5.6.** Эгерде ушул Келишимде жана мыйзамдарда көрсөтүлгөн документтер жана/же маалыматтар Кардар тарабынан берилбесе;

**3.2.5.7.** Банкка кардардын каза болгондугу жөнүндө расмий жазуу жүзүндөгү маалымат жана аны өлдү деп жарыялоо жөнүндө соттун чечими берилген учурда;

**3.2.5.8.** Кардар тарабынан ушул Келишим боюнча милдеттенмелерди аткаруу бузулган учурда;

**3.2.5.9.** КР мыйзамдарында жана ушул Келишимде каралган башка учурларда.

**3.2.6.** Колдонуудагы Тарифтерди бир тараптуу өзгөртүүгө. Тарифтер Simbank сайтында жайгаштырылган жана Кардар Simbank сайтына үзгүлтүксүз кирүү аркылуу алар менен тааныша алат;

**3.2.7.** Банк Кардардын картасын блоктоого жана/же кызмат көрсөтүүнү токтотууга, операциялардын бир жолку, бир күндүк жана бир айлык лимиттерин өзгөртүүгө жана карталар менен алдамчылыктын алдын алуу же аны бөтөн адамдын пайдаланышынын алдын алуу, Кардардын кредиттик линиясы бар карта боюнча өз милдеттенмелерин аткара албай калуу тобокелдигинин алдын алуу максатында, ошондой эле башка тобокелдиктер жагында бир тараптуу тартипте картаны коопсуз пайдалануу үчүн карта боюнча башка тбуйрууларды жүргүзүүгө укуктуу. Кардардын картасынын эсебинде техникалык овердрафт пайда болгон учурда, алдамчылык учурларын иликтөөгө байланыштуу жана мыйзамдарда жана ушул Келишимде каралган башка учурларда Банк картаны/эсепти блоктойт. Эгерде карта кандайдыр бир себептерден улам Банк тарабынан блоктолсо, карта боюнча бардык операциялар толук чектелет;

**3.2.8.** Банк мобилдик тиркеме же башка байланыш каражаттары аркылуу ар кандай мазмундагы жаңыртууларды, өзгөртүүлөрдү, жаңы продукттар жана кредиттик сунуштар жөнүндө маалыматтарды жөнөтө алат;

**3.2.9.** Төмөнкү жагдайлардын бири же бир нечеси жаралганда, Банк бардык банктык эсептерден тиешелүү акча каражаттарын жана бардык башка негиздер боюнча анда болгон каражаттарды күндөлүк коммерциялык курс боюнча конвертациялоо жана комиссиялык төлөмдөрдү алуу аркылуу, акцептсиз тартипте эсептен алууга укуктуу:

**3.2.9.1.** Банк тарабынан жаңылыш чегерилген каражаттар;

**3.2.9.2.** Эгерде банктын банкоматындагы, POS-терминалдагы жана башка системалардагы жана түзүлүштөрдөгү техникалык кемчиликтердин натыйжасында кардарга таандык болбогон каражаттарды анын банктык эсебинде пайдалануу мүмкүнчүлүгү болсо, бул каражаттар чыгарылган учурда. Белгилүү бир техникалык себептер боюнча эсептеги каражаттардан

ашыкча каражаттарды пайдалануу мүмкүнчүлүгү техникалык овердрафттын пайда болуусуна алып келиши мүмкүн.

**3.2.10.** Эсепте техникалык овердрафт болгон учурда Кардар Банктын алдындагы карызын техникалык овердрафт пайда болгон күндөн тартып төлөөгө милдеттүү. Эгерде Кардар Банктын алдындагы карызын төлөбөсө, техникалык овердрафт боюнча карыздын суммасы Банк тарабынан Кардарга таандык банктык эсептерден, анын ичинде башка валютадагы эсептерден күндөлүк коммерциялык курс боюнча конвертацияланышы жана комиссиялык төлөмдөр алынган шартта акцептсиз тартипте эсептен алынышы мүмкүн.

**3.2.11.** Техникалык овердрафт пайда болгон учурда Банк карыздын суммасы (техникалык овердрафт) жана пайыздар төлөнгөнгө чейин картанын ишин (эсеп боюнча операцияларды) токтото алат жана буга байланыштуу тарткан же Банк тарткан бардык чыгымдар Кардар тарабынан төлөнөт.

**3.2.12.** Кардардын банктык эсебине же картасынын балансына жаңылыш же негизсиз чегерилген же которулган, же кийин жаңылыш же негизсиз алынган же которулган деп таанылган, же анын банктык эсептеринде бул каражаттарды акцептсиз тартипте алуу үчүн каражаттар жетишсиз деп табылган акча каражаттары Кардар тарабынан кайтарылбаган учурда Банк акча каражаттары чегерилген күндөн тартып 15 календардык күн өткөндөн кийин бул каражаттарды жеткиликтүү кредиттик лимиттен кармап калууга укуктуу.

**3.2.13.** Эгерде банктык эсептеги каражаттардын калдыгы Банктын тарифтери менен белгиленген комиссияны эсептен алуу үчүн жетишсиз болсо, Кардардын тапшырмасын аткарбоого;

**3.2.14.** Туура эмес таризделген төлөм документи учурунда, ошондой эле төлөмдү жүргүзүү үчүн зарыл реквизиттер жок болгондо акча каражаттарын эсептен алууга Кардардын тапшырмасын аткарбоого;

**3.2.15.** Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында каралган учурларда банктык эсеп боюнча операцияларды токтотууга. Банк убактылуу, жагдайлар аныкталганга чейин жана тиешелүү мамлекеттик органдардын талабы боюнча, Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына жана ушул Келишимдин шарттарына ылайык Кардардын эсептери боюнча операцияларды жүргүзбөөгө укуктуу;

**3.2.16.** Кардарга төмөнкү максаттарда: а) Кардарга мобилдик тиркемеде ал жүргүзгөн NFC-карта боюнча операциялар жөнүндө маалыматты берүү; б) алдамчылыкты аныктоо жана жоюу; в) уюмдар – программалык камсыздоонун (мобилдик тиркемелердин) ээлери жана алардын аффилирленген жактары тарабынан мыйзамдардын талаптарынын аткарылышы; г) уюмдардын - программалык камсыздоонун (мобилдик тиркемелердин) ээлеринин жана алардын аффилирленген жактарынын ичинде пайдалануу үчүн гана мобилдик тиркемелердин экономикалык натыйжалуулугу жөнүндө отчетторду түзүү максатында, технологияны пйдалануу менен операция жүргүзүү мүмкүнчүлүгүн камсыз кылган, аны программалык камсыздоонун – мобилдик тиркемелердин ээлери (Apple Pay, Google Pay, Samsung Pay, Garmin Pay) болуп саналган уюмдардын (ЭППЛ ДИСТРИБЬЮШН ИНТЕРНЭШНЛ, Google Ireland Limited, Самсунг Электроникс Ко., Лтд., Garmin Ltd.) иштеп чыгуусу үчүн операциянын суммасы, аны жүргүзүү датасы жана убактысы, операциянын түрү, валюта коду, авторизациялоо статусу жөнүндө маалыматты берүүгө, анын ичинде чет мамлекеттин аймагына берүүгө (чек ара аралык берүү).

**3.2.17.** Эгерде Кардардын банктык эсеби жабылган болсо, үчүнчү жактардан накталай формада түшкөн төлөмдөрдү кабыл албоого, ошондой эле үчүнчү жактардан түшкөн накталай эмес төлөмдөрдү кийинки күнү эсеп жабылганы жөнүндө белги менен кайра кайтарууга;

**3.3.Кардар төмөнкүлөргө милдеттүү:**

**3.3.1.**Банктын суроо-талабы боюнча эсеп ачуу үчүн зарыл болгон документтерди, анын ичинде аларды акчаны адалдоо жана терроризмди каржылоо максатында пайдалануу аракеттеринен коргоо максатында Банктын талабы боюнча мыйзамдарга каршы келбеген, бирок акча каражаттарынын келип чыгышын тастыктаган башка документтерди (келишимдер/контракттар, эсептерден көчүрмөлөр, мурастоо укугун тастыктаган документтер ж.б.) Банкка берүүгө;

**3.3.2.**Мыйзамдарга жана Банктын ички эрежелерине ылайык эсеп боюнча кассалык жана накталай эмес операцияларды жүргүзүүгө;

**3.3.3.**Эсепти(терди) ишкердик ишке байланыштуу пайдаланбоого;

**3.3.4.**Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын ченемдик укуктук актыларына ылайык төлөм документтерин түзүүгө;

**3.3.5.**Банк тарабынан эсепке туура эмес которулган сумманы пайдаланбоого жана эсепке туура эмес чегерилген сумма жөнүндө Банкка дароо билдирүүгө. Эсепке жаңылыш чегерилген каражаттарды кийинки операциялык күндөн кеч эмес кайтарып берүүгө;

**3.3.6.**Эгерде Кардарга кандайдыр бир документтер берилген болсо (анын ичинде, бирок чектелбестен: анкеталар, формалар), Кардар кол коюуга жана зарыл болгон документтерди жана маалыматтарды берүүгө милдеттенет;

**3.3.7.**Банктын суроо-талабы боюнча анык жана бурмаланбаган маалыматты Банкка берүүгө. Банкка анын аткарылышына таасир этиши мүмкүн болгон бардык жагдайлар жана окуялар жөнүндө, анын ичинде атынын, фамилиясынын, атасынын атынын, катталган жана иш жүзүндөгү дарегинин, мобилдик телефон номеринин жана Банкка мурда берилген маалыматтардын өзгөргөнү жөнүндө мындай өзгөртүүлөр күнүнөн тартып үч жумуш күндүн ичинде маалымдоого;

**3.3.8.**Банкка анын эсебине келип түшкөн акча каражаттарын Банктын коммерциялык курсу боюнча конвертациялоого макулдугун мурдатан билдирет жана анын эсептеринен комиссияларды акцептсиз тартипте алууга макулдугун берет;

**3.3.9.**Картаны жоготуунун, уурдатуунун, маалыматтарын бурмалоонун жана аны үчүнчү жактардын мыйзамсыз пайдалануусунун алдын алуу үчүн бардык мүмкүн болгон чараларды көрүүгө. Картаны жоготкон, уурдаткан жана үчүнчү жактар мыйзамсыз пайдаланган учурда бул тууралуу дароо Банкка маалымдоо керек;

**3.3.10.**Жаңы карта чыгарылган учурда жаңы картаны чыгаруу менен байланыштуу бардык чыгымдарды төлөөгө (эгерде Банктын тарифтеринде каралса);

**3.3.11.**Эсептеги каражаттарды кандайдыр бир мыйзамсыз максаттарда, анын ичинде акчанын изин жашыруу жана кылмыштуу ишти каржылоо (мыйзамсыз жол менен алынган кирешелерди легалдаштыруу) максатында пайдаланбоону камсыз кылууга жана ал үчүн жоопкерчилик тартууга;

**3.3.12.**Берилген мобилдик жана башка байланыш номерлери өзгөргөн учурда эки календардык күндүн ичинде Банкка маалымдоого. Кардар кабарлабаган учурда операциялардын бардык түрлөрү (онлайн которуулар, эл аралык которуулар, POS-терминал, банкомат ж.б.) үчүн жоопкерчилик тартат;

**3.3.13.**Актуалдуу маалымат алуу үчүн Simbank сайтына үзгүлтүксүз кирүүгө;

**3.3.14.**Бардык байланыш каражаттары аркылуу Банк менен Кардар тарабынан жүргүзүлүүчү жана Банктын тиешелүү системаларында сакталуучу сүйлөшүүлөрдү жана сүрөттөрдү жазып алууга макулдук берүүгө.

**3.3.15.**Төлөм картасынын реквизиттерин, телефон номерди жана ПИН-кодду (санариптик кол тамганы) пайдалануу үчүн жоопкерчиликти өз алдынча тартууга.

**3.3.16.**Кардар ушул Келишимдин бардык белгиленген шарттарын жана талаптарын талаптагыдай аткарууга, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын, анын ичинде “Кылмыштуу ишти каржылоого каршы аракеттенүү жана кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга (адалдоо) каршы аракеттенүү жөнүндө” КР Мыйзамынын бардык талаптарын так сактоого жана аткарууга милдеттүү.

**3.3.17.** Эгерде Кардар тарабынан ушул Келишимдин шарттары жана талаптары же мыйзамдын талаптары бузулгандыгынан улам, Банкка зыян келтирилсе же Банкка айып санкциялары колдонулса, Кардар Банктан тиешелүү талапты алган учурдан тартып 10 (он) жумуш күнү ичинде Банкка зыяндын, айыптардын жана албай калган пайданын ордун толтурууга милдеттүү.

**3.3.18.** Кардар мобилдик тиркемеге кирүү үчүн колдонулган логиндерди жана паролдорду эч кандай жол менен үчүнчү жактарга сатпасын же бербесин кепилдейт. Эгер мындай аракет жасалса, Кардар жеке кабинетти, ошондой эле мобилдик тиркемеге тиешелүү логиндерди жана паролдорду үчүнчү жактарга берүү же сатуу үчүн, ошондой эле үчүнчү жактардын көрсөтмөсү же кызыкчылыгы боюнча мыйзамсыз аракеттерди жасоо максатында жүргүзүлгөн финансылык операциялар үчүн толук жоопкерчиликти өз алдынча тартат.

**3.4. Кардар төмөнкүлөргө укуктуу:**

**3.4.1.** Эсепти Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык пайдаланууга;

**3.4.2.** Банктан керектүү мезгил үчүн Банктын Тарифтерине ылайык комиссияны төлөө аркылуу эсептен акча каражаттарынын туура чыгарылгандыгын тастыктаган эсеп боюнча кошумча көчүрмөлөрдү жана документтерди берүүнү талап кылууга;

**3.4.3.** Товарларга, жумуштарга, кызматтарга акы төлөөгө, банкоматтан, POS-терминалдан накталай акча алууга жана башка операцияларды жүргүзүүгө;

**3.4.4.** Картаны коопсуз пайдалануу эрежелери жөнүндө маалыматты Simbank сайтынан алууга;

**3.4.5.** Кардар картаны мобилдик тиркеме аркылуу убактылуу блоктогон учурда Кардар мобилдик тиркеме аркылуу, ошондой эле GooglePay аркылуу операцияларды жүргүзө алат. Эгерде кардар GooglePay төлөмдөрүн блоктоону кааласа, ал Банктын *7700 номери боюнча же "Simbank" мобилдик тиркемесинин "24/7 колдоо" бөлүмүндө көрсөтүлгөн тиешелүү мессенджерлер аркылуу Банкка кайрыла алат.

## 4. Тараптардын жоопкерчилиги

**4.1.** Ушул Келишимде каралган милдеттенмелерди аткарбагандыгы же талаптагыдай эмес аткаргандыгы үчүн Тараптар ушул Келишимге жана Банктын башка ченемдик документтерине, аларда каралбаган учурларда – Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык жоопкерчилик тартышат.

**4.2.** Тараптар реалдуу зыяндын өлчөмүндө жана күнөөлүү Тараптардын күнөөсү болгондо гана ушул Келишим боюнча милдеттенмелерди бузгандыгы үчүн өз ара жоопкерчилик тартышат.

**4.3.** Үчүнчү жактардын санкцияланбаган кирүү мүмкүндүгүнөн улам пайда болгон зыян үчүн жоопкерчилик күнөөлүү тарапка жүктөлөт.

**4.4.** Банк ушул Келишимге ылайык, өз милдеттенмелерин талаптагыдай аткарган учурда Банк Кардардын банктык эсебинен жүргүзүлгөн, санкцияланбаган төлөмдөр үчүн жоопкерчилик тартпайт.

**4.5.** Эгерде Кардар төлөмдүн реквизиттерин туура эмес көрсөтсө, ошондой эле Кардар төлөмдү кайтарып берүүнү сураган учурда Банк төлөмдү кайтарып берүүнү кепилдебейт жана жоопкерчилик тартпайт.

**4.6.** Банк төмөнкүлөр үчүн жоопкерчилик тартпайт:

**4.6.1.** Үчүнчү тараптын Картаны тейлөөдөн баш тарткандыгы;

**4.6.2.** Карта боюнча сатып алган товарлардын жана кызматтардын сапаты;

**4.6.3.** Кардардын кызыкчылыктарын козгошу мүмкүн болгон, үчүнчү тарап белгилеген Карта боюнча лимиттер, чектөөлөр жана кошумча комиссиялар; картаны же ПИН-кодду жоготкондугуна байланыштуу картаны блоктоо жөнүндө талап менен Банкка Кардардын өз убагында эмес кайрылгандыгынын кесепеттери.

**4.6.4.** Колдонуучунун алдында алардын пайда болушунда Банктын күнөөсү болбогон, техникалык платформалардын жана транспорттук тармактардын же байланыш тармактарынын ишинде чыгымдар жана үзгүлтүктөр үчүн.
**4.7.** Кардар төмөнкүлөр үчүн жоопкерчилик тартат:
**4.7.1.** Картанын же ПИН-коддун жоголгондугуна байланыштуу Картаны блоктоо жөнүндө Банкка өз убагында билдирбегендигинин кесепеттери - Банкка келтирилген зыян толук көлөмдө;
**4.7.2.**Банкомат тарабынан Кардарга туура эмес же ашыкча берилген акчанын Банкка кайтарылбагандыгы - жаңылыш же ашыкча берилген акча каражаттарынын өлчөмүндө;
**4.7.3.**Кардардын күнөөсүнөн улам Банк тарткан чыгымдар жана соттук чыгымдар, Банкка келтирилген чыгымдар толук көлөмдө;
**4.7.4.**Алынган, бирок төлөнбөгөн товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр үчүн Банкка акчаны кайтарып бербөө - төлөнбөгөн товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн суммасынын өлчөмүндө.
**4.7.5.** ушул Келишимдин шарттарын жана талаптарын, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарын бузуу, ошондой эле банктык кызмат көрсөтүүлөрдү мыйзамдарды бузуу менен пайдаланганы үчүн Кардар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жеке жоопкерчилик тартат. Мындай учурларда Банк Кардардын мыйзамсыз аракеттери жана аракетсиздиги үчүн эч кандай жоопкерчилик тартпайт.
**4.7.6.**Банкка ар кандай зыян келтирүү, анын ичинде кардардын мыйзамсыз аракеттеринин натыйжасында Банкка карата ыйгарым укуктуу жана башка мамлекеттик органдар, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан айып санкциялары колдонулгандыгы үчүн, ошондой эле мындай санкциялардын кесепеттери үчүн.
**4.8.** Кардар ушул Келишимде көрсөтүлгөн Банктын талаптарынын бирин мөөнөтүндө аткарбаган учурда, Банк ушул Келишимдин аткарылышына байланыштуу карыздын суммасын Кардардын Банктагы сом жана чет өлкө валютасындагы эсептеринен алууга, ошондой эле карызды өндүрүү жол-жобосун баштоого укуктуу. Мындай юридикалык жол-жоболор боюнча бардык чыгымдар Кардар тарабынан кабыл алынат жана төлөнөт.

## 5. Аралыктан банктык тейлөө

**5.1.**Банк Кардарга күндөлүк эсепти ачат, ал боюнча операциялар төлөм картасын жана/же мобилдик тиркемени пайдалануу менен жүргүзүлөт, төлөм картасын чыгарат жана кардарга пайдаланууга берет, ошондой эле Келишимдин шарттарына, анын ичинде Visa төлөм системасынын жана Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарынын талаптарына ылайык төлөм картасын жана/же мобилдик тиркемени пайдалануу менен жүргүзүлгөн операциялар боюнча эсептешүүлөрдү жүзөгө ашырууну камсыз кылат.
**5.2.**Ал боюнча операциялар Келишимдин шарттарына ылайык төлөм карталарын пайдалануу менен жүзөгө ашырылган күндөлүк эсепти тейлөө дебеттик-кредиттик схема боюнча белгиленет.
**5.3.**Банк Кардарга техникалык мүмкүнчүлүк, Android OS жана iOS базасындагы түзүлүштөр болгондо мобилдик тиркемени пайдалануу мүмкүнчүлүгүн берет.
**5.4.**Мобилдик тиркеме Кардарга күнү-түнү жеткиликтүү.
**5.5.**Мобилдик тиркемеге кирүүлөрдүн статистикасы жана мобилдик тиркемеде Кардар тарабынан жүргүзүлгөн операциялар жөнүндө маалымат автоматтык түрдө Банктын системасында чагылдырылат жана сакталат. Мында Кардар системада жүргүзүлгөн банктык операциялар юридикалык жактан түздөн-түз Банкта жүргүзүлгөн операцияларга теңештириле тургандыгын эстен чыгарбашы керек.
**5.6.**Мобилдик тиркемеде көрсөтүлүүчү кызматтардын тизмесиндеги өзгөрүүлөр жөнүндө кабарлоо бул тууралуу маалыматты жана Банктын бул кызматтарга колдонуудагы тарифтерин Simbank сайтына тиешелүү жайгаштыруу аркылуу жүргүзүлөт.
**5.7.**Кардар мобилдик тиркемеге кирүү мүмкүндүгүн мобилдик тиркемени өзүнүн түзүлүшүндө орнотуу, Банк тарабынан суралган маалыматтарды киргизүү жана ушул Келишимдин шарттарын кабыл алуу аркылуу аралыктан алат.

**5.8.** Коопсуздукту камсыз кылуу жана санкцияланбаган кирүү мүмкүндүгүнүн алдын алуу максатында мобилдик тиркемеде Кардардын телефон номери жана ПИН-код боюнча же Кардардын биометрикалык маалыматтары боюнча аутентификациялоо ишке ашырылат. Кардарга өзүнүн эсепке алуу жазуусун, ПИН-кодун, бир жолку паролдорду (SMS/Push), биометрикалык маалыматтарды жана/же тиркемеге кирүү үчүн колдонулган мобилдик түзүлүшкө кирүү мүмкүндүгүн үчүнчү жактарга сатууга, берүүгө, тартуулоого, ижарага берүүгө же башкача жол менен кирүү мүмкүндүгүн берүүгө тыюу салынат. Көрсөтүлгөн аутентификациялоо каражаттарын пайдалануу менен жүргүзүлгөн бардык операциялар Кардардын өзү тарабынан жүргүзүлгөн деп эсептелет жана Банк операция иш жүзүндө ким тарабынан жүргүзүлгөндүгүнөн көз карандысыз, үчүнчү жактардын аларды пайдалануусунун кесепеттери үчүн жоопкерчилик тартпайт.

**5.9.** Кирүү коду санариптик кол тамга болуп саналат жана өз колу менен коюлган кол тамганын аналогу катары таанылат.

Кардар тарабынан жөнөтүлгөн, Кирүү коду менен кол коюлган жана мобилдик тиркеме аркылуу Банк алган бардык электрондук документтер Кардардан чыккан анык, окшош жана бүтүн документ болуп саналат жана юридикалык маанилүү аракеттерди жүзөгө ашыруу үчүн негиз болуп саналат.

**5.10.** Мобилдик тиркеме төмөнкү операцияларды жүргүзүү мүмкүндүгүн берет:

**5.10.1.** Күндөлүк эсеп ачуу;

**5.10.2.** Пластик картанын буйрутмасын тариздөө;

**5.10.3.** Транзакциялар лимитин орнотуу;

**5.10.4.** Тиркеменин жана картанын PIN-кодун орнотуу, өзгөртүү;

**5.10.5.** Кредиттик лимит ачуу;

**5.10.6.** Карта жеткирип берүүнү буйрутма кылуу;

**5.10.7.** Картанын жана эсептин маалыматтарын алуу, картанын жөндөөлөрүн башкаруу;

**5.10.8.** Кардардын эсебинен төлөмдөрдү жана которууларды жүргүзүү (банк ичиндеги которуулар, “shake to pay”, QR код боюнча төлөмдөр жана которуулар, карта же телефон номери боюнча банктар аралык которуулар ж.б.);

**5.10.9.** Коммуналдык кызматтарга (интернет, телефон ж.б.) төлөө;

**5.10.10.** Транзакциялардын тарыхын көрүү;

**5.10.11.** Чыгымдар аналитикасын көрүү;

**5.10.12.** Simbank картасы менен байланыштар тизмесин көрүү;

**5.10.13.** Чекти бөлүү;

**5.10.14.** Кешбэк алуу;

**5.10.15.** “Казына” талап боюнча төлөнүүчү депозитти ачуу;

**5.10.16.** Реалдуу убакыт режиминде банктык эсептердин абалын көрүү;

**5.10.17.** Кредиттик лимит боюнча маалыматты көрүү;

**5.10.18.** Жана мобилдик тиркемеде ишке ашырылган башка кызматтар.

**5.11.** Жогоруда көрсөтүлгөн кызматтардын тизмеси толук эмес жана Банк Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын алкагында өз каалоосу боюнча бул тизмени толуктоого/өзгөртүүгө укуктуу. Мобилдик тиркемеде көрсөтүлүүчү кызматтардын тизмесинин өзгөргөндүгү тууралуу кабарлоо бул тууралуу маалыматты жана бул кызматтарга карата Банктын колдонуудагы тарифтерин мобилдик тиркемеде жана Simbank сайтында тиешелүү түрдө жайгаштыруу аркылуу жүргүзүлөт.

**5.12.** Электрондук төлөм документинин жөнөтүлгөндүгүн жана/же алынгандыгын тастыктоо жүргүзүлгөн операция боюнча көчүрмөнү электрондук вариантта чагылдыруу аркылуу мобилдик тиркеменин алкагында электрондук формада жүзөгө ашырылат.

**5.13.** Төмөнкү учурларда операцияны жүргүзүүгө болбойт:

**5.13.1.** Ушул Келишимде, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында жана ИЧДда каралган лимиттерден ашуу жана чектөөлөрдү бузуу;

**5.13.2.** Операцияны жүргүзүү жана Банктын комиссиясын төлөө үчүн Кардардын эсебинде каражаттардын жетишсиздиги;

**5.13.3.** Төлөм жана/же башка реквизиттерди көрсөтүүдөгү ката;

**5.13.4.** Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык Банк тарабынан талап кылынган Кардардын/ Колдонуучунун документтерин (реквизиттерин) бербөө же толук эмес берүү; Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына каршы келген операцияларды жүргүзүү.

**5.14.** Тараптардын милдеттери жана укуктары.

Өз ара милдеттер жана укуктар:

**5.14.1.** Ар бир тарап мобилдик тиркемеде операцияларды жүргүзүүдө пайдаланылуучу өзүнүн техникалык жана программалык каражаттарын өз эсебинен оң абалда кармап турууга милдеттүү.

**5.14.2.** Тараптар мобилдик тиркемеге кирүү мүмкүндүгүн алууга жол берген мобилдик тиркемеде колдонулган программалык камсыздоодо ишке ашырылган маалыматтарды коргоо ыкмаларын үчүнчү тарапка (Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарында каралган учурлардан тышкары) ачыкка чыгарбоого милдеттенишет.

**5.14.3.** Кардарды тейлөө төмөндөгү обочо туруп/аралыктан тейлөө каналдары аркылуу жүргүзүлөт:

**5.14.3.1.** “Simbank” мобилдик тиркемеси;

**5.14.3.2.** Банктын кардарларды колдоо кызматы (7700 телефон номери боюнча (же мобилдик тиркемеде же Simbank сайтында Банк тарабынан көрсөтүлгөн башка номер));

**5.14.3.3.** Мобилдик тиркемедеги шилтемелер менен мессенджерлер аркылуу кайрылуу;

**5.14.4.** Кардар милдеттенет:

**5.14.4.1.** Банк тарабынан көрсөтүлүүчү кызматтарды ишкердик ишти жүзөгө ашыруу максатында, ошондой эле террористтик ишти каржылоо жана кылмыштуу кирешелерди легалдаштыруу (адалдоо) максатында колдонбоого;

**5.14.4.2.** идентификациялык (жеке) маалыматтар, реквизиттер жана идентификациялоо жана верификациялоо үчүн көрсөтүлгөн документтердеги маалыматтар, билдирүүлөрдү жөнөтүү үчүн маалыматтар өзгөргөн учурда бул тууралуу Банкка өз убагында маалымдоого;

**5.14.4.3.** ушул Келишимдин алкагында Банк тарабынан талап кылынган жана суралган маалыматтарды жана документтерди Банкка берүүгө;

**5.14.4.4.** Банктын талабы боюнча операцияны жүргүзүүнүн негизин тастыктоо үчүн акча каражаттарынын келип чыгуу булагын тастыктаган маалыматтарды жана документтерди берүүгө.

**5.15.** Банк укуктуу:

**5.15.1.** Төмөндөгү учурларда Келишим түзбөөгө, Кардарларга банктык карталарды чыгарууну жана кайра чыгарууну ишке ашырбоого, Кардардын тапшырмасын аткарууга кабыл албоого, эгерде:

**5.15.1.1.** Кардардын же операциянын катышуучуларынын биринин маалыматтары аларга карата террористтик жана экстремисттик ишке, массалык кыргын салуучу куралдарды таратууга жана кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) жана башка мыйзамсыз аракеттерге катышкандыгы тууралуу маалыматтар бар болгон жеке жана юридикалык жактардын, топтордун жана уюмдардын колдонуудагы тизмелеринде көрсөтүлгөн болсо;

**5.15.1.2.** Кардар же операциянын катышуучуларынын бири ФАТФ сунуштамаларын сактабаган жана/же жеңилдетилген салык режимин сунуштаган жана/же финансылык операцияларды жүргүзүүдө маалыматты толук ачыкка

чыгарууну жана берүүнү карабаган, же ага карата эл аралык санкциялар колдонулган жогорку тобокелдиктүү өлкөдө (мамлекетте/аймакта) катталса.

**5.15.2.** Кызмат көрсөтүүлөрдүн курамын өзгөртүүгө жана Мобилдик тиркеме аркылуу көрсөтүлүүчү кызмат көрсөтүүлөргө чектөөлөрдү белгилөөгө, анын ичинде, бирок чектелбестен, аларды көрсөтүүнүн техникалык мүмкүнчүлүгү жок болгон учурда, Кардардын акча каражаттарына, аутентификациялык маалыматтарына үчүнчү жактардын жетүү мүмкүндүгүн шектенүүгө негиздер болгондо;

**5.15.3.** Кардар ушул Келишимдин шарттарын аткарбаган же талаптагыдай эмес аткарган учурда ушул Келишимди аткаруудан бир тараптуу тартипте баш тартууга.

**5.15.4.** Үчүнчү жактарга (анын ичинде Кыргыз Республикасынын Улуттук банкына, финансылык чалгындоо органына, сотко, ыйгарым укуктуу мамлекеттик салык органына, кредиттик бюрого, Кардардын мураскорлоруна (укук улантуучуларына)) ушул Келишимде, Кардар менен башка келишимдерде жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган учурларда жана тартипте Кардар жана анын операциялары жөнүндө маалымат берүүгө.

**5.15.5.** Банк төмөндөгү өзгөрүүлөр күчүнө киргенге чейин Simbank расмий сайтында же мобилдик тиркемеде маалыматты жайгаштыруу аркылуу өзгөрүүлөр жөнүндө Кардарга маалымдоого милдеттенет:

**5.15.5.1.** Тарифтер 5 (беш) календардык күндөн кеч эмес;

**5.15.5.2.** Кардарларды тейлөө келишимдери, эрежелери, тартиби жана кардарлардын документтерин кабыл алуу жана текшерүү шарттары;

**5.15.6.** Банк менен Келишим түзгөн Кардар ушул Келишимде каралган бардык укуктарды жана милдеттенмелерди өзүнө алат.

**5.15.7.** Ушул Келишим ал күчүн жоготту деп таанылган же жаңы Келишим Simbank расмий сайтында жарыяланган учурга чейин колдонулат.

**5.15.8.** Банк тарабынан Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган тартипте жана шарттарда кол тамганы пайдаланууга жол берилет.

**5.15.9.** Кардар төмөндөгүлөрдү ырастайт:

**5.15.9.1.** Келишимге кол коюлган учурда ал ушул Келишимдин жоболору менен толук таанышты жана аларга макул;

**5.15.9.2.** көрсөтүлүүчү кызматтарга Банктын Тарифтери менен толук таанышты, аларды аткарууга жана Банктын Тарифтеринин өзгөрүүлөрүн Simbank сайтынан карап турууга милдеттенет.

## 6. Кешбэк

**6.1.** Кешбэк Банктын укугу болуп саналат жана Банк тарабынан Кардарга накталай эмес сатып алуулар үчүн, анын ичинде интернет-дүкөндөрдө интернет-сатып алуулар үчүн гана чегерилиши мүмкүн.

**6.2.** Банктык кэшбэктин категориялары Банк тарабынан ар бир Кардар үчүн ай сайын аныкталат, мында Кардар календардык айда Банк тарабынан сунушталган эки кэшбэк категориясын гана тандай алат. Кэшбэк категориялары ар бир айдын башында нөлгө келтирилет, б.а. ар бир айдын башында Банк Кардарга үстүдөгү айда кэшбэк чегерүү үчүн 2 категорияны тандоо зарылдыгы жөнүндө билдирүү жөнөтөт.

**6.3.** Кешбэкти чегерүү:

**6.3.1.** Кешбэкти чегерүү автоматтык түрдө жүрөт жана чегерилген кешбэктин суммасы мобилдик тиркемеде “Кешбэк” бөлүмүндө жеткиликтүү;

**6.3.2.** Кешбэк операциялар боюнча жеке каражаттардын эсебине да, кредиттик каражаттардын эсебине да чегерилет;

**6.3.3.** Кешбэк чегерилбей турган операциялардын тизмеси:

**6.3.3.1.** ар кандай ыкма менен (анын ичинде интернет операциялары аркылуу) накталай төгүм жана картаны толуктоо;

**6.3.3.2.** картадан картага акча которуулар;

**6.3.3.3.** мамлекеттик төлөмдөрдү төлөө;

**6.3.3.4.** коммуналдык кызматтарга төлөө;

**6.3.3.5.** уюлдук байланыштын, интернет провайдерлердин кызматтары үчүн жана башка утурумдук төлөмдөрдү төлөө;

**6.3.3.6.** каалаган электрондук капчыктарды толуктоо;

**6.3.3.7.** накталай акча берүү (акчага айландыруу);

**6.3.4.** Ал боюнча Кешбэк чегерилген операция кайра кайтарылган учурда - чегерилген кешбэк суммасы кардардын топтолгон кешбэк суммасынан алынат. Эгерде кардар кешбэкти картага / карта эсебине чыгарса (төлөм жүргүзсө) - сумма кардардын ошол картасынан/карта эсебинен, анын ичинде техникалык овердрафт эсебинен кармалат;

**6.4.** Кешбэк төлөө

**6.4.1.** Кешбэкти төлөө Банк тарабынан мобилдик тиркемеде тиешелүү баскычты басуу аркылуу кардардын буйруусу боюнча жүргүзүлөт, андан кийин календардык айдагы минималдуу жана максималдуу лимиттин алкагында кардардын картасына (накталай эмес ыкма менен) кардардын топтолгон кешбэк суммасын автоматтык түрдө төлөө жүргүзүлөт;

**6.4.2.** Картага кешбэкти төлөө минималдуу жана максималдуу лимит менен чектелет.

**6.5.** Кыргыз Республикасынын Салык кодексинде жана Кыргыз Республикасынын башка ченемдик-укуктук актыларында белгиленген учурларда, кешбэктен киреше алууда кардар салык милдеттенмелерин аткаруу, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык бардык колдонулуучу салыктарды жана башка милдеттүү төлөмдөрдү, жыйымдарды жана алымдарды декларациялоо жана төлөө үчүн жеке жоопкерчилик тартат.

## 7. Казына

**7.1.** "Казына" талап боюнча төлөнүүчү депозити – бул мобилдик тиркемедеги талап боюнча төлөнүүчү аманат, ал Кардарга ушул Келишимдин шарттарына ылайык атайын чегерүү эсебине толуктоону жүргүзүү менен, автоматтык түрдө акчаны аманатка топтоо мүмкүнчүлүгүн берет. "Казына" кол менен толуктоо, ошондой эле автоматтык түрдө толуктоо аркылуу аманат топтоо мүмкүнчүлүгүн берет.

**7.2.** Автоматтык түрдө топтоо эрежелери – акча каражаттарын мезгилдүү которууну ишке ашырууга кардардын буйруусунун негизинде, кардардын күндөлүк эсебинен (мындан ары – алуу эсеби) кардар тарабынан Банкта ачылган "Казына" талап боюнча төлөнүүчү депозитине (мындан ары – чегерүү эсеби) акча каражаттарын которуу куралы.

**7.3.** "Казына" талап боюнча төлөнүүчү депозитин пайдалануу шарттары ушул Келишимдин шарттарына жана Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык жүргүзүлөт.

**7.4.** Кардар "Казына" талап боюнча төлөнүүчү депозитинин алкагында акча каражаттарын мезгил-мезгили менен которууга буйруу учурунан тартып ушул Келишимдин шарттарын кабыл алгандыгын билдире турганын тааныйт. Кардар "Казынаны" ачуу жана аны пайдалануу менен ушул Келишимдин шарттарына толук макулдугун ырастайт.

**7.5.** Пайыздар "Казынаны" ачуу датасына карата бекитилген Банктын Тарифтерине ылайык, мурунку күндүн башталышына карата абал боюнча акча каражаттарынын калдыгына күн сайын чегерилет. Кардар Банктын сайтына жаңыртылган шарттарды жайгаштыруу аркылуу Банк бир тараптуу тартипте Тарифтерге өзгөртүүлөрдү киргизүүгө укуктуу экенине макул болот. Чегерилген пайыздар ай сайын капиталдаштырылат. Капиталдаштыруу ачылган датадан кийинки биринчи айдан баштап, "Казынаны" ачуу датасына дал келген датага карата жүргүзүлөт

**7.6.** Автоматтык түрдө топтоо эрежелери төмөнкүдөй түрдө болушу мүмкүн:

**7.6.1.** "Утурумдук төлөм" - акча каражаттарын белгиленген мезгилдүүлүк (күнүнө/жумасына/айына бир жолу) менен Кардар тарабынан аныкталган датада Кардар белгиленген сумманы алуу эсебинен чегерүү эсебине мезгил-мезгили менен

которуу. Биринчи которуу датасы эреже колдонулган датадан тартып 1 айдан кеч жана эреже колдонулган күндөн кийинки күндөн эрте болушу мүмкүн эмес. Ар айлык которуулар үчүн Кардар тарабынан 1инен 30уна чейинки диапазондо дата белгиленет. Эгерде бир айда Кардар тарабынан аныкталган которуу үчүн күн жок болсо, анда которуу айдын акыркы күнү жүргүзүлөт. Банк которуунун минималдуу суммасын белгилей алат.

**7.6.2.**“Сарптоолордон пайыз” - мындай операцияларды карта эсеби боюнча чагылдыруу күнүнөн кийинки күндөн кеч эмес, карта эсебинен акча каражаттарын алуу суммасынан пайыз катары аныкталуучу сумма өлчөмүндө акча каражаттарын мезгил-мезгили менен алуу эсебинен чегерүү эсебине которуу.

**7.6.3.**“Сарптоолорду тегеректөө” - кардар тандаган санга эселенген, кийинки жакынкы санга чейин тегеректелген сатып алуу суммасы менен иш жүзүндө сатып алуу суммасынын ортосундагы айырма катары аныкталуучу сумма өлчөмүндө акча каражаттарын алуу эсебинен Кардардын чегерүү эсебине мезгил-мезгили менен которуу.

**7.6.4.**“Балансты тегеректөө” - күндүн аягындагы калдык менен кардар тандаган санга эселенген, кийинки жакынкы санга чейин тегеректелген сумманын ортосундагы айырма катары аныкталуучу сумма өлчөмүндө акча каражаттарын алуу эсебинен кардардын чегерүү эсебине мезгил-мезгили менен которуу.

**7.6.5.**Мезгилдүү которуу суммасын эсептөөдө төмөнкүлөр эске алынбайт:

**7.6.5.1.** накталай алуу операциясы;

**7.6.5.2.** Банктын кызматына төлөө боюнча операция (комиссия);

**7.6.5.3.** Банкта кредиттерди төлөөгө багытталган ар кандай операциялар.

**7.7.**“Казынаны” ачууда кардар Банк тарабынан белгиленген чектөөлөрдү эске алуу менен, акча каражаттарын мезгилдүү которууну ишке ашыруу үчүн параметрлерди, анын ичинде которуу датасын/күнүн, сумманы (сумманы аныктоо тартиби) ж.б. өз алдынча тандайт.

**7.8.**Акча каражаттарын мезгилдүү которууну ишке ашырууга буйруу Simbank мобилдик тиркемесинде автоматтык түрдө топтоо эрежелерин тандоо экранында “Сактоо” баскычын басуу аркылуу кардар тарабынан тастыкталат.

**7.9.**Кардар “Казынаны” ачкандан кийин андан ары акча каражаттарын Кардардын күндөлүк эсебинен “Казына” талап боюнча төлөнүүчү депозит эсебине мезгилдүү которуулар акцептсиз тартипте жүргүзүлөт жана Кардардын макулдугу талап кылынбайт.

**7.10.**Кардарда 10го (онго) чейин активдүү “Казына” болушу мүмкүн.

**7.11.**Төмөнкүдөй топтоо эрежелери менен окшош бирден ашык “Казына” тариздөөгө жол берилбейт: “Сарптоолордон пайыз”, “Сарптоолорду тегеректөө”, “Балансты тегеректөө”.

**7.12.**Эгерде которуу учурунда төмөнкүдөй болсо, “Казынанын” алкагында акча каражаттарын которуу ишке ашырылбайт:

**7.12.1.**Которуу суммасы картанын балансынан ашат;

**7.12.2.**Которуу суммасы кредиттик каражаттардын эсебинен аткарылган;

**7.12.3.**Карта блокко салынган;

**7.12.4.**Карта эсеби жабык;

**7.12.5.**Которула турган казына жабык;

**7.12.6.**Кардарга карата терроризмди (экстремизмди) каржылоого каршы аракеттенүү жана кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) каршы аракеттенүү боюнча чаралар колдонулган;

**7.12.7.**Банкта аны ишке ашыруунун техникалык мүмкүнчүлүгү жок жана “Казына” инструментинин алкагында Банктын Кардардын каражаттарын которуусуна тоскоол болгон башка жагдайлар.

**7.13.**Картаны кайра чыгарган учурда “Казынанын” колдонулушу кардар тарабынан кошумча ырастоосуз кайра чыгарылган карта боюнча жүргүзүлөт.

**7.14.**Кардар Кардардын мүлктүк кызыкчылыктарына кол салган үчүнчү жактар тарабынан укукка каршы аракеттердин фактылары жана белгилери аныкталганда, Банк “Казынаны” берүүнү токтотууга/чектөөгө укуктуу экенине макул.

**7.15.**Кардар мурда түзүлгөн “Казынанын” деталдарын кароо, ошондой эле Simbank мобилдик тиркемесинде төмөнкү операцияларды жүргүзүү мүмкүнчүлүгүнө ээ, анын ичинде:

**7.15.1.**Топтоо эрежесин өзгөртүү;

**7.15.2.**“Казынанын” аталышын өзгөртүү;

**7.15.3.**Кол менен толуктоо;

**7.15.4.**Казынаны жабуу.

**7.16.**Каражаттарды "Казынадан" бөлүп чечүү же толугу жабуу менен мүмкүнчүлүгү бар.

**7.17.**“Казынаны” жапканда “Казына” талап боюнча төлөнүүчү депозит эсебинен акча каражаттарынын калдыгы, ошондой эле чегерилген пайыздар Кардардын күндөлүк эсебине которулат.

## 8. Депозит

**8.1.**Банк карта эсебине кошумча кардарга мөөнөттүү банктык аманатты (мындан ары – Депозит) тариздейт.

**8.2.**Депозитти ачуу Аманатчынын электрондук буйруусунун негизинде Simbank мобилдик тиркемесинде аралыктан ишке ашырылат.

**8.3.**Банк Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына, www.simbank.kg сайтында жана/же Simbank мобилдик тиркемесинде жайгаштырылган, Тарифтерге жана Депозиттин шарттарына ылайык Депозитти тейлейт.

**8.4.**Депозитти ачуу үчүн улуттук валютадагы минималдуу сумма 1 000 (бир миң) сомду түзөт.

**8.5.**Депозиттик эсепке акча каражаттарын чегерүү акча каражаттарын карта эсебинен депозиттик эсепке которууга Аманатчынын электрондук буйруусунун негизинде, бирок аны ачкан учурдан тартып бир жумуш күнүнөн кеч эмес Simbank мобилдик тиркемесинде кардар тарабынан өз алдынча ишке ашырылат.

**8.6.**Депозиттен акча каражаттарын жарым-жартылай алуу каралган эмес.

**8.7.**Салымды толуктоо мүмкүнчүлүгү тандалган мөөнөттүү депозиттин шарттарына жараша болот. Мында салымды толуктоо суммасы боюнча чектөөсүз жүргүзүлөт жана банктык салымдын мөөнөтү аяктаган күнгө чейин 3 (Үч) айдан кечиктирбестен мүмкүн болот.

**8.8.**Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин 754-1-беренесинин 1-пунктуна ылайык Депозиттин суммасына пайыздар ал Банкка түшкөн күндөн кийинки күндөн тартып, мөөнөттүү банктык аманат келишиминин мөөнөтү аяктаган датадан мурунку күнгө чейин чегерилет.

**8.9.**Пайыздарды эсептөө 360 күнгө барабар шарттуу жылга жана 30 күнгө барабар шарттуу айга ылайык жүргүзүлөт.

**8.10.**Депозиттин суммасына пайыздар мөөнөттүү банктык аманат келишиминин колдонуу мөөнөтү аралыгында келишимдин 1.2-пунктунда көрсөтүлгөн пайыздык чен боюнча чегерилет жана Simbankтагы Кардардын карта эсебине которулат.

**8.11.**Банк тарабынан чегерилген, бирок Аманатчы талап кылбаган пайыздар Депозиттин суммасын көбөйтпөйт.

**8.12.**Пайыздар ай сайын төлөгөн учурда, төлөө ачылган күндөн кийинки биринчи айдан баштап, Депозитти ачуу датасына дал келген датага карата кардардын карта эсебине которуу аркылуу жүргүзүлөт.

**8.13.**Пайыздар мөөнөттүн аягында төлөнгөн учурда, төлөө келишимдин мөөнөтү аяктаган күнү кардардын карта эсебине которуу аркылуу жүргүзүлөт.

**8.14.**Эгерде Аманатчы мөөнөттүү банктык аманат келишиминин колдонуу мөөнөтү аяктаган күнү Депозиттин суммасын талап кылбаса, Банк ошол эле күнү келишимди узартуу датасына карата колдонулган пайыздык чен боюнча ошол эле мөөнөткө автоматтык түрдө узартат. Узартуу күнү бул сыяктуу продукт жок болгон учурда депозиттин суммасы келишимди узартуу датасына карата колдонулган пайыздык чен боюнча ошол эле мөөнөткө Банктын башка депозиттик продуктусуна которулат. Мөөнөттүү банктык аманат келишими чектелбеген санда узартылышы мүмкүн.

**8.15.** Аманатчынын демилгеси боюнча келишимди мөөнөтүнөн мурда бузганда пайыздар келишимди бузуу учурундагы Банктын Тарифтерине ылайык, карта эсебиндеги каражаттардын калдыгы үчүн белгиленген чен боюнча төлөнөт. Мурда ашыкча төлөнгөн пайыздардын суммасы аманаттын негизги суммасынан кармалат.

**8.16.** Мөөнөттүү банктык аманат келишими Аманатчы тарабынан Simbank мобилдик тиркемесиндеги онлайн-билдирме аркылуу бузулушу мүмкүн.

**8.17.** Аманатчы каза болгон учурда мурастоо жөнүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамында белгиленген учурлардан тышкары, Банкка бул тууралуу билдирген учурдан тартып, келишимде каралган бардык укуктук мамилелер, анын ичинде аманаттын суммасына пайыздарды чегерүү токтотулат.

**8.18.** Банк Кыргыз Республикасынын депозиттерди милдеттүү түрдө кепилдөө системасында турат. Кепилдик учуру башталганда аманат боюнча компенсация "Банктын аманаттарды (депозиттерди) коргоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык төлөнөт.

## 9. Келишимдик мамилелерди токтотуу

**9.1.** Ушул Келишим төмөнкү учурларда жана төмөнкүдөй тартипте бузулушу мүмкүн:

**9.1.1.** Simbank сайтында жана/же мобилдик тиркемеде Кардарга маалымдоо менен, Банк тарабынан бир тараптуу тартипте (офертаны артка чакыртып алуу);

**9.1.2.** Кардардын эсебинде турган акча каражаттарынын суммасы Келишимде каралган минималдуу өлчөмдөн төмөн болгондо эсепти жапканга чейин бир календардык ай мурда билдирүү менен;

**9.1.3.** Кардардын эсебинде 12 ай ичинде акча каражаттары жок болгон же эсеп боюнча кардардын буйруусу боюнча операциялар жүргүзүлбөгөн учурда эсепти жапканга чейин бир календардык ай мурда билдирүү менен;

**9.1.4.** Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында аныкталган башка учурларда.

**9.2.** Ушул Келишимдин жана Кардар менен Банктын ортосундагы ушул Келишимдин алкагында түзүлгөн келишимдердин колдонулушу токтотулган учурда, мыйзамдарда каралган учурлардан тышкары, тараптар келишимдик мамилелерден келип чыккан бири-биринин алдындагы бардык милдеттенмелерин аткарууга тийиш.

## 10. Талаш-тартыштарды чечүү. Дооматтар

**10.1.** Ушул Келишим жана анын негизинде Кардар менен түзүлгөн келишимдер менен жөнгө салынбаган маселелер Кыргыз Республикасынын Жарандык кодекси, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын ченемдик актылары жана Кыргыз Республикасынын башка мыйзам актылары менен жөнгө салынат.

**10.2.** Ушул Келишимден жана алардын алкагында Кардар менен түзүлгөн келишимдерден келип чыккан бардык талаш-тартыштар сүйлөшүүлөр аркылуу чечилет.

**10.3.** Эгерде кандайдыр бир талаш-тартыш сүйлөшүүлөр аркылуу чечилбесе, бул талаш-тартыш Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына ылайык Кыргыз Республикасынын сотторунда чечилүүгө тийиш.

## 11. Форс-мажордук (аргасыз) жагдайлар

**11.1.** Эгерде форс-мажордук жагдайлар ушул Келишимди жана алардын алкагында түзүлгөн келишимдерди аткарууга таасирин тийгизсе, Банк келишимдик милдеттенмелерди аткарбагандыгы үчүн жоопкерчилик тартпайт.

**11.2.** Банк тарабынан жеңилгис күч жагдайлардын таасири астында көзөмөлдөнбөгөн, анын катасынын же шалаакылыгынын натыйжасында болбогон жана алдын ала айтууга мүмкүн болбогон окуялар, анын ичинде согуш, жарандык башаламандыктар, өрт, жер титирөө, вулкан, суу ташкыны, бороон, эпидемия, пандемия, карантин, мамлекеттик жана өкмөттүк органдардын чечимдери жана башка ушул сыяктуу учурлар. Ар кандай окуя компетенттүү мамлекеттик органдардын расмий чечими боюнча гана жеңилгис күч жагдайы деп таанылат.

## 12. Корутунду жоболор

**12.1.** Келишимдин шарттарына ылайык жаңылоо, өзгөртүүлөр, жаңы продукттар, Банктын каалаган контенттеги милдеттенмелеринин аткарылышы жөнүндө маалымат, анын ичинде Кардардын Банктын алдындагы аткарылбаган милдеттенмелери жөнүндө кабарлоо, жарнамалык маалымат SMS аркылуу Банкта катталган Кардардын мобилдик телефон номерине же Кардар тарабынан Банкка берилген электрондук почта дарегине, ошондой эле мобилдик тиркеме аркылуу же башка мүмкүн болуучу формада жөнөтүлүшү мүмкүн.

**12.2.** Банк Кардарга Келишимдеги өзгөрүүлөр жөнүндө (Кардар үчүн кыйла пайдалуу шарттарды камсыз кылган өзгөрүүлөрдөн тышкары) аларды Simbank сайтына жайгаштыруу аркылуу маалымдайт.

**12.3.** Ушул Келишимдин жана анын алкагында түзүлгөн келишимдердин ар кандай жобосунун жараксыздыгы ушул Келишимдин жана анын негизинде түзүлгөн келишимдердин башка жоболорунун күчүн жоготпойт.

**12.4.** Кардар ушул Келишимдин шарттарын жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын бузгандыгы, анын ичинде банктык кызматтарды мыйзамдын талаптарын бузуу менен пайдаланганы үчүн жеке жоопкерчилик тартат. Мындай учурларда Банк Кардардын мыйзамсыз аракети же аракетсиздиги үчүн жоопкерчилик тартпайт.

**12.5.** Кардар Банкка зыян келтирүү, анын ичинде Кардардын мыйзамсыз аракетинин (же аракетсиздигинин) жыйынтыгында пайда болгон, ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар жана Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы тарабынан айып санкциялары колдонулганы үчүн, ошондой эле мындай санкцияларды колдонуунун кесепеттери үчүн жоопкерчилик тартат.

Банктын реквизиттери:
“Дос-Кредобанк” ачык акционердик коому
Дареги: Бишкек шаары, Чүй пр., 92;
ИСН: 02002199710092
ИУЖК: 21659737
УККН: 999
БИК: 121001
Э/э: 1092220100070149 КРУБда

Жеке жактарга банктык кызматтарды көрсөтүү жөнүндө
айкын оферта келишиминин №1 тиркемеси

**Банктык карталар боюнча карта операцияларын жүргүзүүдө валюталарды конвертациялоо схемасы**

“Дос-Кредобанк” ААК чыгарган Visa картасы карта эсептин валютасынан көз карандысыз дүйнө жүзүндө пайдаланылышы мүмкүн. Эгерде операциянын валютасы эсептин валютасынан айырмаланса, валютаны автоматтык түрдө конвертациялоо жүрөт.

Visa ЭТСда транзакцияларды жүргүзүүдө валюта конвертациясы бир нече фактордон көз каранды болот:
- Кардардын карта эсебинин валютасы,
- Visa ЭТС эсептешүү валютасы – USD,
- жүргүзүлгөн операциянын валютасы

| Карта валютасы | Операция валютасы | Операция түрү | Иш жүзүндөгү операция датасына карата курс | Эскертүү |
|---|---|---|---|---|
| KGS | USD | Банктын жабдуусундагы операция | Банктын курсу | Карталар менен операциялар транзакцияны жүргүзүү датасында (эсептен алуу датасы) Банк тарабынан белгиленген валютаны алмашуу курсу боюнча жүргүзүлөт. Каражаттарды эсептен алууда Банк тарабынан белгиленген сатып алуу курсу, ал эми эсепти толуктоодо – сатуу курсу колдонулат. |
| | | Банктын тармагынан тышкары операция | Банктын курсу | |
| | USD-дан айырмаланган валюта | Банктын тармагынан тышкары операция | 1.Visa курсу<br>2.Банктын курсу | Операциянын суммасы транзакцияны жүргүзүү датасында картадан алынат. Visa ЭТС транзакцияны жүргүзүү учурунда Visa ЭТС тарабынан белгиленген курска ылайык АКШ долларында (USD) операциянын суммасын конвертациялайт. Андан кийин АКШ доллары транзакцияны эсептен алуу чурунда Банк тарабынан белгиленген курска ылайык кыргыз сомуна (KGS) конвертацияланат. Банк валюта тобокелдиктерин минималдаштыруу максатында курстук кошумча акыны (OIF - Optional Issue Fee) белгилөөгө укуктуу. |

- Эл аралык төлөм системаларынын карталарын пайдалануу менен жүргүзүлгөн операцияларды иштеп чыгуу мөөнөтү эл аралык төлөм системасы тарабынан белгиленет, ошондой эле башка жабдууну тейлеген Банк-эвкайерден көз каранды
- Visa ЭТС –Visa эл аралык төлөм системасы

**Конвертациялоо мисалдары**

| Карта валютасы | Операция суммасы жана валютасы | Операция түрү | Иш жүзүндөгү операция датасына карата курс | Эскертүү |
|---|---|---|---|---|
| KGS | **1000 USD** | Банктын жабдуусунан алуу | Банктын курсу: **24-ноябрга карата сатып алуу: 88,60 KGS** | Операцияны жүргүзүү учурунда (24-ноябрь) кардардын картасынан Банктын 24-ноябрдагы курсу боюнча сумма алынат 1000 USD * 88,60 = 88600 KGS |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | Банктын тармагынан тышкары | Банктын курсу: **24-ноябрга карата сатып алуу: 88,60 KGS** | Операцияны жүргүзүү учурунда (24-ноябрь) кардардын картасынан Банктын 24-ноябрга карата курсу боюнча сумма алынат 1000 USD * 88,60 = 88600 KGS |
| | 1000 EUR | Банктын тармагынан тышкары | 1. Visa курсу: **24-ноябрга карата 1,03 EUR/USD** 2. Банктын курсу **24-ноябрга карата сатып алуу: 88,60 KGS** | Операцияны жүргүзүү учурунда (24-ноябрь) кардардын картасынан 92170,58KGS алынат: 1000 EUR * 1,03 =1030 USD 1030*1%(OIF)=10,30 USD (1030+10,30)* 88,60=92170,58 KGS |